**«Каралды»**
КӨУнун
ОКнин жыйынында
№ 4 -протокол
« 13 » 12 2017-ж.

**«Бекитемин»**
КӨУнун
ректору, профессор
Ч.К.Райымбаев
« 13 » 12 2017-ж.

# Кыргыз-Өзбек университетинин **«Мыктылардын мыктысы»** конкурсу жөнүндөгү ЖОБО

## I. Жалпы жоболор

1.1. Бул «Жобо» Кыргыз-Өзбек университетинин (К-ӨУ) «Сыйлоо, сыйлыктар жана ардактуу наамдар жөнүндөгү» жобосунун (№4-Протокол, 18.01.2000-ж.), К-ӨУнүн 20 жылдык юбилейине карата өткөрүлгөн «Мыктылардын мыктысы» конкурсу жөнүндөгү жобонун (№9-Протокол, 25.03.2014), Кыргыз-Өзбек университетинин окуу сессиясы жөнүндөгү жобонун (№4-Протокол, 12.12.2016) жана Уставынын негизинде түзүлдү;

1.2. Жобо «Мыктылардын мыктысы» аттуу конкурсту уюштуруу жана эффективдүү өткөрүүнүн тартибин жана шарттарын аныктоодо жетекчиликке алынуучу негизги документ болуп саналат;

1.3. Конкурс 1-тиркемеде берилген номинациялар боюнча өткөрүлөт;

1.4. Бул конкурсту өткөрүү университеттин профессордук – окутуучулар курамын, окуу-көмөкчү персоналдарды, кызматкерлерди жана студенттерди моралдык жана материалдык жактан стимулдаштыруунун иштиктүү формасы болуп саналат;

1.5. Бул конкурсту өткөрүүнүн максаты тиешелүү номинациялар боюнча (1-тиркеме) «Эң мыктыларды» аныктоо, алардын ишмердүүлүктөр боюнча (илимий, окуу-усулдук, социалдык-маданий, эл аралык байланыш, чарба ж.б.) жетишкендиктерин баалоо жана аларды моралдык жана материалдык жактан колдоо болуп саналат.

## II. Конкурсту өткөрүүнүн тартиби

2.1. Конкурсту уюштуруу жана өткөрүү үчүн Ректордун буйругу менен атайын конкурстук комиссия түзүлөт;

2.2. Конкурс университеттик деңгээлде конкурстук комиссия тарабынан өткөрүлөт. Конкурсту өткөрүүнүн графиги жана мөөнөтү конкурстук комиссия тарабынан белгиленет;

2.3. Конкурсту өткөрүүдө университеттин январь айында өткөрүлгөн «Илимий» жана «Окуу» сессияларынын жыйынтыктары негиз болот, анткени «Илимий» жана «Окуу» сессияларынын Жоболоруна ылайык андагы тандалып алынган алдынкылар бул конкурста биринчи талапкерлер болушат;

2.4. Конкурстук комиссия «Илимий» жана «Окуу» сессияларынын ар биринин жыйынтыктарын эске алуу менен жалпы жыйынтыктарды чыгарат. Бул учурда

тиешелүү номинациялар боюнча башка ишмердүүлүктөрдүн (социалдык-маданий, эл аралык байланыш, чарба ж.б.) пикирлери эске алынат;
2.5. «Илимий» жана «Окуу» сессияларында каралбаган номинациялар (эң мыкты куратор, эң мыкты кызматкер, эң мыкты жумушчу, Эмгек сиңирген ишмер) боюнча тандоо критерийлери бул жободо берилет (2-тиркеме). Аларды конкурстук комиссия бул жобого ылайык тандашат;
2.6. Тиешелүү номинациялар боюнча наамдарга көрсөтүү жана сыйлоо конкурстук комиссия тарабынан каралат;
2.7. Наамдарды ыйгаруу аземи университеттин Окумуштуулар кеңешинде салтанаттуу түрдө өткөрүлөт. Сыйлыктар жана наамдар университеттин ректору (ал катыша албай калган учурда окуу иштери боюнча проректор) тарабынан тапшырылат;
2.9. Ардактуу наамдардын ээлеринин сүрөттөрү кийинки конкурс болгонго чейин университеттин «Ардак тактасына» илинет жана алар тууралуу материалдар университеттин музейинде сакталат;
2.10. Университеттин архивинде сактоо максатында «Эң мыкты» конкурсунун жеңүүчүсү жөнүндөгү маалыматтар конкурстук комиссияга тапшырылат (4-тиркеме).

## III. Жеңүүчүлөргө ыйгарылуучу наамдар жана сыйлыктар

1. «Эң мыкты студент» наамынын жеңүүчүсү бир айлык стипендия, «Эң мыкты студент-2017» деген жазуусу бар лента жана сертификат менен сыйланат;
2. «Эң мыкты окуу тайпасы» наамын жеңүүчү тайпа «Эң мыкты окуу тайпасы-2017» деген жазуусу бар вымпел жана сертификат менен сыйланат;
3. «Эң мыкты куратор» наамынын жеңүүчүсү бир айлык маяна, «Эң мыкты куратор-2017» деген жазуусу бар лента жана сертификат менен сыйланат;
4. «Эң мыкты кызматкер» же «Эң мыкты жумушчу» наамынын жеңүүчүсү бир айлык маяна, «Эң мыкты кызматкер-2017» же «Эң мыкты жумушчу-2017» деген жазуусу бар лента жана сертификат менен сыйланат;
5. «Эң мыкты окутуучу» наамынын жеңүүчүсү бир айлык маяна, «Эң мыкты окутуучу-2017» деген жазуусу бар лента жана сертификат менен сыйланат;
6. «Эң мыкты өндүрүштүн устаты» наамынын жеңүүчүсү бир айлык маяна, «Эң мыкты өндүрүштүн устаты-2017» деген жазуусу бар лента жана сертификат менен сыйланат;
7. «Эң мыкты аспирант» же «Эң мыкты изденүүчү» наамынын жеңүүчүсү бир айлык маяна, «Эң мыкты аспирант-2017» же «Эң мыкты изденүүчү-2017» деген жазуусу бар лента жана сертификат менен сыйланат;
8. «Эң мыкты илимий кызматкер» наамынын жеңүүчүсү бир айлык маяна, «Эң мыкты илимий кызматкер-2017» деген жазуусу бар лента жана сертификат менен сыйланат;
9. «Эң мыкты доцент» наамынын жеңүүчүсү бир айлык маяна, «Эң мыкты доцент-2017» деген жазуусу бар лента жана сертификат менен сыйланат;

10. «Эң мыкты профессор» наамынын жеңүүчүсү бир айлык маяна, «Эң мыкты профессор-2017» деген жазуусу бар лента жана сертификат менен сыйланат;

11. «Эң мыкты кафедра» же «Эң мыкты бирикме» наамынын жеңүүчүсү 5000(беш миң) сом өлчөмүндөгү акчалай сыйлык, «Эң мыкты кафедра-2017» же «Эң мыкты бирикме-2017» деген жазуусу бар вымпел жана сертификат менен сыйланат;

12. «Эң мыкты факультет» же «Эң мыкты коллдеж» («Эң мыкты лицей») наамынын жеңүүчүсү 10000(он миң) сом өлчөмүндөгү акчалай сыйлык,

«Эң мыкты факультет-2017» же «Эң мыкты коллдеж-2017» («Эң мыкты лицей-2017») деген жазуусу бар вымпел жана сертификат менен сыйланат;

13. Университеттин «Эмгек сиңирген ишмери» наамынын жеңүүчүсүнө атайын өздүк медаль, өзгөчө үлгүдөгү сертификат (№3-тиркеме), «Университеттин Эмгек сиңирген ишмери» деген жазуусу бар лента жана айлык маянасына ушул окуу жылы бою оклад боюнча 25% кошумча акы төлөө менен сыйланат.

**1-тиркеме**

**«Мыктылардын мыктысы»** конкурсунун номинацияларынын тизмеси:

1. Эң мыкты студент;
2. Эң мыкты окуу тайпасы;
3. Эң мыкты куратор;
4. Эң мыкты кызматкер (жумушчу);
5. Эң мыкты окутуучу;
6. Эң мыкты өндүрүштүн устаты;
7. Эң мыкты аспирант (изденүүчү);
8. Эң мыкты илимий кызматкер;
9. Эң мыкты доцент;
10. Эң мыкты профессор;
11. Эң мыкты кафедра (бирикме);
12. Эң мыкты факультет (колледж, лицей);
13. Университеттин «Эмгек сиңирген ишмери».

**2-тиркеме**

**«Илимий» жана «Окуу» сессияларында каралбаган номинациялар боюнча «Эң алдынкыларды» тандоонун критерийлери**

**1. «Эң мыкты куратор -2017»;**

Бул наам «Эң мыкты окуу тайпасы» деп табылган тайпанын кураторуна ыйгарылат. Мында куратор бул тайпада 1 жылдан кем эмес жетекчилик кылган болуш керек. Эгерде андай болбосо бул наамга талапкер комиссия тарабынан башка кураторлордун арасынан каралат.

**2. а) «Эң мыкты кызматкер -2017»;**

Бул наамга талапкер катары төмөнкү бөлүмдөрдүн кызматкерлери катышышат: окуу департаменти, кадрлар бөлүмү, бухгалтерия, атайын бөлүм, китепкана, илимий бөлүм, ИМБ, ОПТК, МЭБ, методисттер, референттер,

лаборанттар, лаборатория башчылары, инженер-программисттер, техник-операторлор, катчылар, кабинет башчылары.

**б) «Эӊ мыкты жумушчу -2017»;**

Бул наамга административдик – чарбалык ишмердүүлүктүн жумушчу-кызматкерлери (кароолчу, пол жуучу, электрик, сантехник, жыгач уста, ширетүүчү, жатакана кызматкерлери, комендант ж.б.) катышышат.

**Эскертүү:** 4-пункттагы номинацияда негизинен төмөнкүдөй критерийлер каралат :

- эмгек тартибин жана иштөө режимин сактоо;
- коопсуздук эрежелерин бекем сактоо;
- кызматтык милдеттерин билүү жана жогорку деӊгээлде аткаруу;
- университеттин материалдык баалуулуктарына аяр мамиле кылуу;
- коомдук иштерге активдүү катышуу;
- аткарган ишинин натыйжасын көрсөтүү;
- университеттин патриоту болуу.

**3. «Университеттин Эмгек сиӊирген ишмери»;**

Тандоо критерийлери:

- мурда бул наамдын ыйгарылбаган болушу;
- университеттеги 15 жылдан кем эмес үзүрлүү эмгек стажы;
- мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө кошкон салымы (радио-телеберүүлөрдөн чыгуу, гезит-журналдарга макала жазуу ж.б.);
- университетти пропагандалоодогу (кесипке багыт берүү иштери, үгүт иштери, университетти сыртка таанытуу ж.б. ) салымы, патриоттуулугу;
- жаштарга насаатчылыгы, өрнөк болуучу үлгүлүү жүрүш-турушу;
- университетти өнүктүрүүгө кошкон өзгөчө (инвестиция тартуу, демөөрчүлөрдү табуу ж.б.) салымы;
- университетте иштеген мезгилдеги алган сыйлыктары.

**3-тиркеме**

Кыргыз Республикасынын билим берүү

жана илим министрлиги

Кыргыз-Өзбек университети

**С Е Р Т И Ф И К А Т**

___________________________________________

«Кыргыз-Өзбек университетинин Эмгек сиӊирген ишмери»

деген ардактуу наам ыйгарылды

К-ӨУнүн ректору, профессор Ч.К.Райымбаев

Ош шаары, 2018-жыл

**4-тиркеме**

**«Эң мыкты» конкурсунун жеңүүчүсү жөнүндө маалыматтар**

Номинация: « Эң мыкты окутуучу »

| | | |
|---|---|---|
| 1. | Фамилиясы, аты-жөнү | |
| 2. | Туулган датасы | |
| 3. | Билими, бүткөн окуу жайы, жылы, адистиги, квалификациясы | |
| 4. | Азыркы иштеп жаткан кызматы, факультети, кафедрасы, сабак өткөн дисциплиналары | |
| 5. | Жалпы эмгек стажы, анын ичинде педагогикалык стажы жана ОшМСУдагы стажы | |
| 6. | Окумуштуулук даражасы, наамы, багыты, датасы, орду | |
| 7. | Ведомстволук жана мамлекеттик сыйлыктары, датасы | |
| 8. | **Критерийлер боюнча жетишкен көрсөткүчтөрү:** | |
| - | | |